№1 - Тиркеме
Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин буйругу менен
бекитилген
№ ______ ______ майт ______ 2018-ж.

**Жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташкан тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндө**
**ЖОБО**

I. Жалпы Жоболор;
II. Өткөрүү орду жана мөөнөтү;
III. Тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү тартиби;
IV. Тестирлөөгө катышуу тартиби;
V. Тестирлөөгө катышууга укук берүү тартиби;
VI. Тесттердин дизайны;
VII. Тестирлөөнүн жыйынтыктарын чыгаруу;
VIII. Техникалык аппеляциялык комиссиянын иштөө тартиби;
IX. Тестирлөөнү каржылоо

## I. Жалпы Жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын артыкчылык менен өздөштүргөн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алууга талапкер болгон XI класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын катышуучуларын, өткөрүү мөөнөтүн жана тартибин аныктайт.

Бул Жобо жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн төмөнкү түрүн - **стандартташкан тесттер түрүндөгү «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын** (текстте мындан ары «Алтын тамга» тестирлөөсү) белгилейт.

2. XI класстардын окуучуларынын «Алтын тамга» тестирлөөсү окуучулардын жалпы орто билим берүү программаларын артыкчылык менен өздөштүрүү процессинин натыйжаларын аныктоо жана текшерүү каражаты болуп саналат.

3. «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышуу билимге ээ болуу түрүнө карабастан жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын артыкчылык менен өздөштүргөн, жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алууга талапкер болгон XI

класстардын окуучулары (текстте мындан ары - талапкерлер) үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

4. «Алтын тамга» тестирлөөсүн өткөрүүнүн максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

- жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алууга талапкерлердин билим деңгээлдерин баалоону жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын аткарылышына көзөмөл кылуу;
- мектептик билим берүү системасын, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## II. Өткөрүү орду жана мөөнөтү

5. «Алтын тамга» тестирлөөсү ар бир окуу жылдын май айында өткөрүлөт. «Алтын тамга» тестирлөөсүн өткөрүү мөөнөтү жана орду министрлик тарабынан аныкталат.

## III. Аттестацияны уюштуруу жана өткөрүү

6. «Алтын тамга» тестирлөөсүн уюштуруу жана өткөрүү Улуттук тестирлөө борбору (текстте мындан ары - УТБ), билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдары (райББ/шаардык ББ) жана жалпы билим берүү уюмдары тарабынан бул Жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

7. «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышууга үстүбүздөгү окуу жылынын талапкерлерине гана укук берилет.

8. «Алтын тамга» тестирлөөсүн өткөрүүгө бардыгы болуп 5 саат 15 мүнөт (астрономиялык саат) бөлүнөт, анын ичинде талапкерлерге көрсөтмө берүүгө - 20 мүнөт, окуу сабактарынан тестирлөөгө - 4 саат 15 мүнөт, эки тыныгуу - 20 мүнөттөн (талапкерлерге экинчи тесттен кийин - 20 мүнөт, төртүнчү тесттен кийин - 20 мүнөт тыныгуу берилет).

9. «Алтын тамга» тестирлөөсү 5 милдеттүү окуу сабактары боюнча өткөрүлөт, анын ичинде аларга төмөнкүдөй убакыт бөлүнөт:

- табигый-математикалык сабактар
(*математика 60 мүнөт, химия 60 мүнөт*) - 120 мүнөт;
- гуманитардык-тилдик багыттагы сабактар
(*мамлекеттик жана расмий тилдер 45 мүнөт,
Кыргызстандын тарыхы 45 мүнөт* - 90 мүнөт;
- эне тили жана адабияты *(кыргыз тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана орус адабияты, өзбек тили жана өзбек адабияты)* *- 45 мүнөт.*

10. «Алтын тамга» тестирлөөсүнүн милдеттүү окуу сабактарынын тизмесине өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү министрлик тарабынан жүргүзүлөт.

11. «Алтын тамга» тестирлөөсү талапкерлердин чет тилдерден башка окуу тилинде: кыргыз, орус же өзбек тилдеринде жүргүзүлөт.

12. Лицей, гимназия, комплекстер, эксперименталдык аянтчасы бар жана башка жалпы билим берүү уюмдарда “Алтын тамга” тестирлөөсүнөн тышкары бир же эки профилдик сабактар боюнча окуткан мектептердин окуучулары базалык көлөмдөгү сабактардан тышкары өтүлгөн темалар, бөлүмдөрдү эске алуу менен жалпы негизде профилдик окуу сабагы боюнча оозеки түрүндө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны же негизги мамлекеттик сынактарды (мындан ары – ЖМА НМС) милдеттүү өтүшөт.

13. Талапкер табигый-математикалык сабактар боюнча тест тапшырмаларын аткарууда эсептөөлөрдүн жүрүшүн көрсөтүүчү эсеп чыгарууларын жазып эсептөөгө, сүрөттөрдү, чиймелерди тапшырмалар баракчасынын бош жеринде аткарууга милдеттүү.

14. «Алтын тамга» тестирлөөсүнө талапкер тестирлөө жүргүзүү жайларында (текстте мындан ары - ТЖЖ) үч документтин: мектептен 3*4 сүрөтү чапталган маалымкат, өздүктүгүн тастыктаган документ (паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк) жана УТБнын каттоо номурунун негизинде инсандын аныктыгын далилдеген бирдейлештирүүдөн өтөт. Каттоодон өткөндөн кийин талапкер дарсканада өзүнүн каттоо номурунда көргөзүлгөн орунду ээлейт.

Талапкерлер үчүн номурланган орундар бири-биринен 1,5 метр алыстыкта жайгаштырылат.

15. Чет тилдердин биринде окуган талапкерге бул жобонун 9 жана 11-тарамдарына ылайык «Алтын тамга» тестирлөөсүнөн өтүү укугу берилет. Тестирлөөгө катышуудан баш тарткан учурда талапкерге жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен документ алуу укугуна ээ болбостон аныкталган тартипте жалпы негизде ЖМА НМС түрүндө мамлекеттик аттестация өтүү мүмкүнчүлүгү берилет.

16. «Алтын тамга» тестирлөөсүнүн алдында администраторлор жооп баракчасын толтуруу, тесттер менен иштөө жана ТЖЖда катышуучулардын жүрүм-турум эрежелери жөнүндө көрсөтмө беришет. Көрсөтмө берүүгө жана жооп баракчасынын маалыматтык бөлүгүн толтурууга 20 мүнөт убакыт бөлүнөт.

17. Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышкан талапкерге тапшырган тести боюнча алынган жыйынтыктарды кайра артка чакырып алуу жана жокко чыгаруу же тестирлөөдөн кайрадан өтүү укугу берилбейт.

18. УТБ билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органынын (РББ/ШББ) көмөгү астында бекитилген жалпы билим берүү уюмундагы ТЖЖнын ишин аныктайт жана жөнгө салат.

19. “Алтын тамга” тестирлөөсүн өткөрүүнүн ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу тышкы байкоо жүргүзүүгө болот. Байкоочулардын курамы компетенттик органдардын, ата-энелер жана мугалимдер коомчулугунун өкүлдөрүнөн түзүлөт. Байкоочулардын мүчөлөрү жалпы билим берүү уюмунун (ТЖЖ) мүдүрүнүн буйругу менен мектеп комиссиясы менен макулдашулган тартипте бекитилген 3 адамдан турат.

Тестирлөө жүргүзүү убактысы жөнүндөгү маалымат байкоочуларга тестирлөө башталганга бир жума калган мөөнөткө чейин кабарланат.

20. Байкоочулардын иштөө тартиби төмөнкү ыйгарым укуктар менен аныкталат:

- тестирлөө өткөрүлгөн күнү жанында өздүктүгүн тастыктаган документтери менен мектепте болуу;
- "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн өткөрүлүшүнө сырттан байкоо жүргүзүү;
- "Алтын тамга" тестирлөөсүн даярдоо жана өткөрүү учурунда жалпы билим берүү уюмунда байкоочулардын болуу убактысы чектелбейт;
- "Алтын тамга" тестирлөөсүн даярдоо жана өткөрүү процессине кийлигишүүгө (тестирлөөгө катышуучулардын жана администраторлордун көңүлүн ар кандай суроолор жана эскертүүлөр менен алаксытууга, дарсканада уюлдук байланыш каражаттарын, сүрөт жана көрмө аспаптарын, портативдик жана чөнтөк компьютерлерин ж.б. каражаттарды колдонууга) тыюу салынат.

21. Администраторлор тарабынан ар бир ТЖЖда "Алтын тамга" тестирлөөсүн өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча протокол түзүлөт.

22. "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн жумушчу органдары болуп тиешелүү жалпы билим берүү уюмунда түзүлгөн комиссия (текстте мындан ары – мектеп комиссиясы), билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарында түзүлгөн комиссия (текстте мындан ары - райББ/шаардык ББнын комиссиясы), сынак комиссиясы (текстте мындан ары - СК) жана УТБ эсептелет.

23. Мектеп комиссиясынын курамы жалпы билим берүү уюмунун мүдүрү тарабынан, райондук ББ/шаардык ББнын комиссиясынын курамы билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органынын башчысы тарабынан, СК комиссиясы – министрликтин жетекчилиги тарабынан бекитилет. Комиссия 5 адамдан кем эмес курамдан турат, анын ичинде комиссиянын төрагасы, комиссиянын төрагасынын орун басары, комиссиянын катчысы жана комиссия мүчөлөрү болот.

24. Комиссиялар өз ишинде бул Жобону жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алышат.

25. Комиссиялардын негизги милдети - "Алтын тамга" тестирлөөсүнө даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча ишти жөнгө салуу болуп саналат.

Комиссиялардын негизги аткарган кызматтары төмөнкүлөр:

(а) Мектеп комиссиясы:

- жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын X, XI класстар үчүн окуу мерчеминин бардык сабактары боюнча "5" (эң жакшы) деген баага өздөштүргөн окуучуларынын тизмесин карайт жана бекитүүгө сунуштайт. XI класстардын талапкерлерине "Алтын тамга" тестирлөөсүнө кирүү укугун берүүгө жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин сунуштамасы жана мүдүрдүн бул тизмени бекитүү жөнүндөгү буйругу негиз болот;

- талапкер тууралуу так, анык маалыматтардын берилишине жоопту болот;
- талапкердин "Алтын тамга" тестирлөөсүнө катышуусун уюштурууну камсыз кылат;
- талапкерге жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) тестирлөөнү өткөрүү мөөнөттөрү тууралуу анын башталышына эки жума калган убакытка чейин өз убагында кабарлоону уюштурат;
- тестирлөөнү өткөрүү үчүн керектүү кеңсе буюмдарын уюштурууну жана даярдоону камсыз кылат;
- эгерде жалпы билим берүү уюму ТЖЖ болуп эсептелсе, коомдук байкоочулардын тизмесин макулдашат;
- аныкталган мөөнөттө ТЖЖнын даярдыгы жөнүндө билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органына (РайББ/ШББ) маалымат берет;
- бүтүрүүчүлөр жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн "Алтын тамга" тестирлөөсүнө даярданабыз" деген аталышта мектепте маалымат тактасын жасалгалоону камсыз кылат;
- ТЖЖнын иши үчүн шарттарды камсыз кылат: аныкталган мөөнөттөрдө жалпы билим берүү уюмунда тестирлөө өткөрүү жайы даярдалышына (санитардык эрежелер жана ченемдердин, коомдук тартиптин сакталышына, башталгыч класстардын жана медициналык кызматкерлердин арасынан нөөмөтчүлөрдү дайындоого) көзөмөл жүргүзөт;
- "Алтын тамга" тестирлөөсүн өткөрүү убагында мектеп ашканасынын талаптагыдай иштешин камсыз кылат;
- талапкерди "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн жыйынтыктары менен тааныштырууга жоопту болот.

(б) РББ/ШББ комиссиясы:

Билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органы (РайББ/ШББ) мектептерде "Алтын тамга" тестирлөөсүнө даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын мерчеминин бекитилишин камсыз кылат, анын ичинде:
- "Алтын тамга" тестирлөөсүн уюштурууда жана өткөрүүдө бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылат;
- "Алтын тамга" тестирлөөсүн өткөрүү күнү жана орду тууралуу жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине, мугалимдерге, талапкерлерге жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) маалымат берүү боюнча уюштуруу жана жөнгө салуу иштерин камсыз кылат;
- "Алтын тамга" тестирлөөсүнө катышууга укук алган талапкерлер жөнүндө туура, анык маалыматтын берилишине жоопту болот;
- УТБга аныкталган тартип боюнча керектүү маалыматтын (аныкталган тартип боюнча талапкерлердин тизмеси) берилишин камсыз кылат;
- "Алтын тамга" тестирлөөсү өткөрүлгөн күнү бекитилген ТЖЖдагы окуу сабактарын башка мөөнөттөргө которуу тартибин жөнгө салат (жалпы билим берүү уюмунун РББ/ШББ менен макулдашылган буйругу);

- “Алтын тамга” тестирлөөсүн райондо\шаарда өткөрүү тартибин жөнгө салат (ТЖЖда тиешелүү санитардык эрежелерге жана ченемдерге ылайык шарттарды түзүү; өтүлгөн жайга дейре жана кайра келгенге чейин коштоп жүрүүдө талапкерлердин өмүрүнүн жана саламаттык коопсуздугун камсыз кылуу, ТЖЖ аймагында бөтөн адамдардын жүрүшүн чектөө);
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнө даярдык көрүү жана тестирлөөнүн жыйынтыктары тууралуу мектеп комиссияларынын отчетторун угат.
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнүн башталышына бир күн калган мөөнөттө УТБнын администраторлору жана мектеп комиссиясы менен биргеликте ТЖЖнын бул жободо аныкталган талаптарга шайкеш даярдыгын кабыл алууну акты менен жүргүзөт;
- талапкерлердин жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мугалимдердин жана башка адамдардын кайрылууларын жана арыздарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте карайт.

(в) СК комиссиясы:

- “Алтын тамга” тестирлөөсүн уюштурууда жана өткөрүүдө бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылат;
- “Алтын тамга” тестирлөөсүн өткөрүү тартибине өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү жөнүндө сунушун өз убагында киргизет;
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнөн өтүүгө талапкерлердин кайрылууларын жана арыздарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте карайт.
- СКнын ишмердүүлүгү боюнча протокол түзүлөт, комиссиянын төрагасынын жана бардык мүчөлөрүнүн колтамгасы менен бекитилет.

(г) Улуттук тестирлөө борбору:

- “Алтын тамга” тестирлөөсүн уюштурууда жана өткөрүүдө бирдиктүү талаптардын сакталышына жетекчилик жана көзөмөл кылат;
- жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин, мугалимдердин, талапкерлердин жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин баскычтары боюнча уюштурууну жана өткөрүүнү жүргүзөт;
- республикалык методикалык комиссияны түзөт, окуу сабактары боюнча тесттердин мазмундук түзүмүн аныктайт. Республикалык методикалык комиссия тесттердин мазмунуна жоопту болот.
- тест материалдарын белгиленген ТЖЖга (кайра УТБга) жеткирүү тартибин камсыз кылат, жеткирүү мөөнөттөрүн жана унаалардын жүрүү чиймесин аныктайт;
- талапкерлерди каттоодон өткөрүү түрүн аныктайт;
- ар бир талапкердин жыйынтык бааларын аныктоо үчүн “Алтын тамга” тестирлөөсүнүн предметтер боюнча жыйынтыктарын баалоо системин иштеп чыгат;
- тестирлөөнүн маалыматтарын иштеп чыгуу тартибин жана механизмдерин даярдайт;

- мазмуну жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик прогаммаларына шайкеш келген тесттик топтомдорду сунуштайт;
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнө катышкан бардык талапкерлер үчүн бирдиктүү шарттардын түзүлүшүн камсыз кылат;
- тест материалдарын сактоодо жана иштеп чыгууда купуялыктын так сакталышын, тестирлөө жыйынтыктарын иштеп чыгууда купуялыктын жана объективдүүлүктүн сакталышын камсыз кылат;
- министрлик тарабынан аныкталган мөөнөттөрдө “Алтын тамга” тестирлөөсүнүн тыянактарын чыгарууну жана тестирлөө жыйынтыктарын көрсөтүүнү камсыз кылат;
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнүн жыйынтыктары жөнүндө басылмаларды даярдайт;
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнүн жыйынтыктары жөнүндө министрликке (кызыкдар тараптарга) концептуалдык отчет берет;
- “Алтын тамга” тестирлөөсүнүн иш кагаздарынын архивин түзөт.

26. “Алтын тамга” тестирлөөсүн өткөрүү үчүн УТБ тест администраторлорунун топторун түзөт.

27. “Алтын тамга” тестирлөөсүн өткөрүү үчүн администраторлор мугалимдик (окутуучулук) коомчулуктун жана министрликтин калыс баалоочуларынын өкүлдөрүнүн арасынан түзүлөт.

Администраторлордун иштөө тартиби төмөнкү милдеттер менен аныкталат:
- дарсканаларда (залдарда) “Алтын тамга” тестирлөөсүн өткөрүүнүн белгиленген эрежелеринин так сакталышын камсыз кылуу;
- талапкер тарабынан жооп баракчалары, тест китепчелеринин титулдук баракчалары туура толтурушун так камсыз кылуу;
- тест материалдарынын купуялыгын жана сакталышын камсыз кылуу;
- алынган тест материалдары жөнүндө так отчеттуулукту камсыз кылуу;
- администраторлордун тестирлөө аяктаганга чейин дарсканаларда (залда) болуу жөнүндөгү эрежелерин сактоо;
- педагогикалык адептүүлүктү сактоо, тестирлөөгө катышкан талапкерлерге, мугалимдерге жана ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) карата ак пейилдүү жагдай түзүү;
- “Алтын тамга” тестирлөөсү аяктагандан кийин тест тапшырмаларын сакталышын жана жеткирилишин камсыз кылуу. Тест тапшырмалары жана жооп баракчалары таңгакталган түрдө жана мектептин мөөрү басылып УТБга тапшырылат, бул тууралуу өткөрүү-өткөрүп алуу актысы түзүлөт.

## IV. Тестирлөөгө катышуу тартиби

28. Талапкер «Алтын тамга» тестирлөөсүнө паспортун (же өздүктүгүн тастыктаган документин: туулгандыгы тууралуу күбөлүктү же айдоочунун күбөлүгүн ж.б.) көргөзгөн учурда кирүүгө укук алат.

Тестирлөө учурунда талапкердин иш орунунда сынак материалдарынан сырткары төмөнкүлөр болушу зарыл:

а) кара (же кочкул көк) түстөгү сыясы бар эки калем сап;

б) өздүктүгүн тастыктаган документи;

г) дары-дармек жана тамак-ашы (зарыл учурларда);

Бул Жободо каралбаган башка буюмдарын талапкерлер дарсканада жеке буюмдар үчүн атайын бөлүнүп берилген жерде калтырышат.

29. Талапкердин «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышуусу милдеттүү болуп саналат.

30. Тестирлөө өткөрүү учурунда катышуучуларды коштоп жүрүү жана саламаттыгын жана өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу милдети тапшырылган жоопту адам администраторго «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышууга каттоодон өткөрүү үчүн жалпы билим берүү уюмунун мүдүрү тарабынан бекитилген, РББ/ШББ менен макулдашылган тизмени көрсөтөт.

31. «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышуу тизмесинде катталган, бирок тестирлөөгө негиздүү себептери менен келе албаган талапкерге ЭКнын сунуштамасы жана министрликтин чечими менен кошумча тестирлөөгө катышууга укук берилиши мүмкүн. «Алтын тамга» кошумча тестирлөөсүн өткөрүү чечими министрлик тарабынан талапкер тестирлөөгө ооруп калгандыгына байланыштуу же негиздүү себептер менен келе албаган учурда гана кабыл алынат.

***Бул жобонун 31 тарамына эскертүү:*** *«Алтын тамга» кошумча тестирлөөсүн өткөрүүгө негиз болуп орнотулган тартипте Кыргыз Республикасынын тиешелүү компетенциядагы ыйгарым укуктуу органдарынан алынган тастыктоочу документтердин болушу эсептелет.*

ЭК өзүнүн отурумунда талапкердин тестирлөөгө келе албагандыгын тастыктаган иш кагаздарын карап чыгат жана талапкерге кошумча тестирлөөгө катышуу укугун берүү тууралуу сунуш киргизет.

ЭКнын отуруму протокол менен бекитилет (үн\көрмө тасмаларына жаздырууга уруксат берилет).

Тестирлөөгө негиздүү себептер менен келе албагандыгын тастыктаган иш кагаздары талапка жооп бербесе, талапкер «Алтын тамга» кошумча тестирлөөсүнө катышуу жана орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугунан ажырайт.

32. «Алтын тамга» тестирлөөсүн өткөрүү учурунда талапкерге:

- администраторлордун биринин коштоосунда 10 мүнөттөн ашпаган убакытка дарсканадан сыртка чыгууга уруксат берилет. Дарсканадан чыгып жаткан учурда талапкер жооп баракчасын, тест жана иштеп жаткан материалдарын администраторго тапшырууга милдеттүү.
- өзү менен кошо байланыш каражаттарын, электрондук-эсептөө техникасын, сүрөт, үн жана көрмө аспаптарын, маалымат берүүчү материалдарды, жазма эскерткич-белгилерди, маалыматты сактоо жана берүүнүн башка каражаттарын алып кирүүгө тыюу салынат.

- башка адамдар менен сүйлөшүүгө, ТЖЖдагы дарскананын (залдын) ичинде администратордун уруксаты жок эркин басып жүрүүгө тыюу салынат.

33. Орнотулган тартипти бузууга жол берген талапкер бул жобонун 32-тарамынын 2,3-абзацтарына ылайык тестирлөөдөн четтетилет. Бул учурда ТЖЖнын администратору тарабынан мектептин, РББ/ШББнын комиссияларынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен жана байкоочулардын, коштоп келген мектеп өкүлдөрүнүн же ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) көз алдында тестирлөөдөн четтетүү жөнүндө акт түзүлөт.

34. Эгерде катышуучу ден-соолук абалына байланыштуу же башка объективдүү себептер менен тест тапшырмаларын аткарып бүтпөй калса, ага мөөнөтүнөн мурда тестирлөөдөн чыгып кетүү укугу берилет. ТЖЖнын администратору тарабынан мектептин, РББ/ШББнын комиссияларынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен жана байкоочулардын, коштоп келген мектеп өкүлдөрүнүн же ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) көз алдында тестирлөөнү мөөнөтүнөн мурда аяктоо (бүткөрүү) жөнүндө акт түзүлөт.

Тестирлөөдөн четтетүү же объективдүү себептер менен тестирлөөнү мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндөгү актылар талапкердин тестирлөө жыйынтыктарын иштеп чыгууда эсепке алуу үчүн ошол эле күнү СКга жөнөтүлөт.

35. "Алтын тамга" тестирлөөсүнө 30 мүнөттөн көп эмес кечигип калган талапкерди калган убакыттын чегинде тест тапшырмаларын аткарууга киргизүүгө болот.

## V. Тестирлөөгө катышууга укук берүү тартиби

36. Педагогикалык кеңештин сунуштамасынын жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн жана X, XI класстар үчүн бардык окуу сабактары боюнча чейрек, жарым жылдык жана жылдык баалары «5» (эң жакшы) деген баадан төмөн эмес болгон талапкерге "Алтын тамга" тестирлөөсүн тапшыруу укугу берилет, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын жүзөгө ашырган бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында окугандар;
- эл аралык алмашуу тартибинде чет өлкөдө убактылуу окуп жаткан окуучулар (окуу түрү-экстернат) (СК тастыктоочу иш кагаздарын карап чыгат: чакыруу кагазы, буйрук ж.б);
- эл аралык олимпиадалардын, кайрымдуулук акциялардын, марштардын катышуучулары, тестирлөө өткөрүлүп жаткан убакта гастролдорго жана мелдештерге кеткен артист жана спортчу окуучулар (СК тастыктоочу иш кагаздарын карап чыгат: чакыруу кагазы, буйрук ж.б);

- чет тилде окугандар (бул Жобонун 11-тарамына ылайык эгерде айрым жалпы билим берүү сабактары же толук бойдон чет тилдердин биринде окутулса);

37. Тестирлөөгө катышуудан баш тарткан учурда талапкерге жалпы орто билими тууралуу артыкчылык аттестатына ээ болуу укугу берилбестен жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны стандартташкан тесттер түрүндө (текстте мындан ары - СТ түрүндөгү ЖМА) же негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын (текстте мындан ары - ЖМА НМС) аныкталган тартипте жалпы негизде тапшыруу укугу ыйгарылат.

## VI. Тесттердин дизайны

38. Тесттердин дизайны жана өткөрүү шарттары төмөнкү стандартташкан түрлөрдө көрсөтүлөт:

- "Алтын тамга" тестирлөөсүн өткөрүү тартибин жана шарттарын, алынган натыйжаларды иштеп чыгуу жана түшүндүрмө берүү ыкмаларын стандартташтыруу – сыноодон өтүүчүлөр үчүн өткөрүү баскычында да, маалыматтарды иштеп чыгуу жана түшүндүрмө берүү баскычында да бирдей шарттарды түзүү;
- алынган натыйжаларды стандартташтыруу - катышуучунун жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо үчүн негиз боло турган ченемдерди, баа шкаласын алуу.

39. Тест толук бойдон окуу сабагынын мазмунун билим берүү программаларына жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкештикте чагылдырат. Стандартташтырылган тесттер төмөнкүдөй түрдө берилет:

- жабык түрдөгү тапшырмалар (бир туура жоопту тандап алуу менен);
- ачык түрдөгү тапшырмалар;
- туура ырааттуулугун аныктоого берилген тапшырмалар;
- шайкештигин аныктоого берилген тапшырмалар.

Жабык түрдөгү тест тапшырмалары - бир туура жоопту же айрым бир жоопту тандап алуга берилген тапшырмалар. Тестирлөөдө тандап алуу үчүн даяр жооптор (бир туура жана калганы туура эмес) сунушталат.

Ачык түрдөгү тапшырмалар - жооп берүү убагында катышуучунун өзү тарабынан жооп жазылышын талап кылган тапшырмалар. Ачык түрдөгү тапшырмалар бир же бир нече негизги бөлүктөрү жок, толук эмес ырастама түрүндө болот. Негизги бөлүктөр катары: санарип, тамга, сөз же сөз айкашы болушу мүмкүн.

Туура ырааттуулугун аныктоого берилген тест тапшырмалары –бул тапшырмалар айрым бир топтордун бир түрдүү бөлүктөрүнөн турат жана бул бөлүктөрдү так тартипке келтирүүнү талап кылат;

Шайкештигин аныктоого берилген тест тапшырмалары - эки топтогу бөлүктөрдөн турган жана алардын ортосундагы шайкештикти так аныктоону талап кылган тапшырмалар. Шайкештик 1:1 принциби боюнча аныкталат

(биринчи топтун бир элементине экинчи топтун бир гана элементи дал келет).

40. Окуу сабактары боюнча тесттердин түзүмү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, тапшырмалардын үч деңгээлдеги принцибине таянып түзүлөт: минималдуу (негизги), орто жана жогорку татаалдык деңгээлдеги тапшырмалар.

41. Окуу сабактары боюнча тесттер тестирлөө жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмунун мөөрү менен бекитилет. Тест материалдарына мөөрдүн басылышына жалпы билим берүү уюмунун мүдүрү менен биргеликте УТБнын администратору жооптуу болот. СК иштеп чыгуу үчүн таңгакталган, мектептин мөөрү басылган түрдө акты менен алынган жооп баракчаларын жана тест материалдарын кабыл алат. Эгерде таңгакта мектептин мөөрү жок экендиги аныкталса, анда материалдар кабыл алынбайт.

## VII. Аттестациянын жыйынтыктарын чыгаруу

42. «Алтын тамга» тестирлөөсүнүн жыйынтыктарын эсептөө тартиби министрлик тарабынан ар бир жыл үчүн өзүнчө аныкталат.

43. «Алтын тамга» тестирлөөсүнүн жыйынтыктары УТБ тарабынан иштелип чыгып, министрлик тарабынан бекитилет. УТБ тестирлөөнүн жыйынтыктарын билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарына (РББ/ШББ) республикадагы бардык талапкерлер тестирлөөдөн өткөн акыркы күндөн кийин 5 күндүк мөөнөт ичинде кабарлайт.

44. Билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдары (РББ/ШББ) тарабынан «Алтын тамга» тестирлөөсүнүн жыйынтыктары талапкерлерге жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) кабарлоо үчүн жалпы билим берүү уюмдарына жана мектеп комиссияларына бир күндүк мөөнөт ичинде жеткирилет.

45. «Алтын тамга» тестирлөөсүнүн жыйынтыгы боюнча бул жобонун 9-тарамында көрсөтүлгөн бардык милдеттүү окуу сабактарынан "эң жакшы" баа алган талапкер жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктайт.

46. "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн жыйынтыгы боюнча бул жобонун 9-тарамында көрсөтүлгөн бардык милдеттүү окуу сабактарынан "жакшы", "канааттандырарлык" жана "канааттандырарлык эмес" баа алган талапкер жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугунан ажырайт.

47. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган талапкер педагогикалык кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен ЖМА НМСны тапшыруудан бошотулат.

48. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган талапкерге Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бирине (ведомстволук баш ийгендигине жана

окутуу түрүнө карабастан) кабыл алуу сынактары жок окуу жайга кабыл алынуу укугу ыйгарылат.

49. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган талапкерге бул Жобонун 48-тарамында көрсөтүлгөн учурлардан башка жеңилдиктердин түрү жана артыкчылыктар каралбайт.

50. Гимназияларда, лицейлерде же эксперименталдык багыттагы мектепте окуган талапкерге жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктаган учурда билими тууралуу артыкчылык менен аттестат берүү маселеси профилдик сабак боюнча ЖМА НМСны тапшыргандан кийин жалпы негизде каралат.

51. Жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка ээ болуу укугун тастыктай албаган талапкерге айрым сабактар боюнча бааларын жакшыртуу максатында ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып жазылган өз арызынын негизинде педагогикалык кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен орнотулган тартипте жалпы негизде ЖМА НМСны тапшырууга укук берилет. Бул учурда ЖМА НМСны тапшыруунун жыйынтыктары аттестациялык баа катары эсепке алынат жана жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестат берилбейт.

Жалпы орто билими тууралуу аттестатка кошумча берилген табелге коюлган баа ар бир окуу сабагы боюнча бүтүрүүчү класстагы аралык (чейрек жана жарым жылдык), жылдык жана аттестациялык (мында аттестациялык катары ЖМА НМС эсептелет) бааларын эске алуу менен аныкталат.

52. "Алтын тамга" тестирлөөсү менен ЖМА НМСти өткөрүү түрү шайкеш, бирдей деп эсептелет, ошондуктан жалпы орто билими тууралуу артыкчылык менен аттестатка кошумча берилген табелдин "Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация" бөлүгү төмөнкү үлгү боюнча жазылат:

- математика
(*алгебра жана талдоонун башталышы*) *(тест)* - 5 *(эң жакшы)*;
- эне тили жана адабияты
*(кыргыз тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана орус адабияты, өзбек тили жана өзбек адабияты)* – *5/5 (эң жакшы)*;
- кыргыз тили
(*окутуу орус же өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн мамлекеттик тил*) (*тест*) - *5(эң жакшы)*;
- орус тили
(*окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн расмий тил*) (*тест*) - *5(эң жакшы)*;
- Кыргызстандын тарыхы ) *(тест)* - *5(эң жакшы)*;
- химия *(тест)* - *5(эң жакшы)*.

53. Талапкерлерге "Алтын тамга" тестирлөөсүн кайра тапшырууга уруксат берилбейт.

54. "Алтын тамга" тестирлөөсүнө талапкер ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып жазылган өз арызынын, педагогикалык

кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде ЖМА НМСны тапшыруудан бошотулат, өз каалоосу менен "Алтын тамга" тестирлөөсүнөн алган бааларын калтырууга укуктуу. Бул учурда талапкердин "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн жыйынтыктары аттестациялык баа катары эсепке алынат.

Жалпы орто билими тууралуу аттестатка кошумча берилген табелге коюлган баа ар бир окуу сабагы боюнча бүтүрүүчү класстагы аралык (чейрек жана жарым жылдык), жылдык жана аттестациялык (мында аттестациялык катары "Алтын тамга" тестирлөөсү эсептелет) бааларын эске алуу менен аныкталат.

"Алтын тамга" тестирлөөсү менен ЖМА НМСти, СТ түрүндөгү ЖМАны өткөрүү түрү шайкеш, бирдей деп эсептелет. Катышуучуга "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн жыйынтыгы боюнча алынган бааларын билими тууралуу документке жазуу керек болгон учурларда, жалпы орто **билими тууралуу аттестатка кошумча берилген табелдин "жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны тапшырды"** бөлүгү төмөнкү үлгү боюнча жазылат:

- математика

(*алгебра жана талдоонун башталышы*) (*тест*) - *5 (эң жакшы)*;

- эне тили жана адабияты

(*кыргыз-тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана орус адабияты, өзбек тили жана өзбек адабияты* - *5/5 (эң жакшы)*;

- мамлекеттик тил

(*окутуу орус же өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили*) (*тест*) - *5(эң жакшы)*;

- расмий тил

(*окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн орус тили*) (*тест*) - *5(эң жакшы)*;

- Кыргызстандын тарыхы ) (*тест*) - *5(эң жакшы)*;
- химия (*тест*) - 4(*жакшы*).

## VIII. Техникалык апелляциялык комиссия

55. "Алтын тамга" тестирлөөсүнөн өткөн талапкерлердин натыйжаларын баалоодо бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылуу үчүн техникалык комиссия (текстте мындан ары - ТК) түзүлөт.
56. ТКнын төрагасы жана курамы министрлик тарабынан бекитилет.
57. Апелляция талапкердин ТКнын төрагасына жазылган арызынын негизинде жүргүзүлөт. Арыз талапкер тарабынан ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусунда жазылат.
58. Билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдары (РББ/ШББ) жер-жерлерде талапкерге электрондук почта аркылуу арызын жөнөтүүгө көмөктөшөт, бул учурда талапкердин аты-жөнү, ТТЖ, сабактын аталышы жана окуу тили милдеттүү түрдө көрсөтүлөт.

59. Апелляция өткөрүү учурунда талапкердин жанында анын өздүктүгүн тастыктаган документи, ошондой эле УТБ тарабынан берилген каттоо номуру болууга тийиш.

60. ТК упайлардын компьютерде жана кол менен иштеп чыгуунун шайкештигин аныктоо максатында УТБга талапкердин жооп берүү баракчасынын түп нускасын, тапшырмалардын ачкычын көрсөтүүсүн өтүнүү укугуна ээ. Талапкердин арызын кароонун жыйынтыктары боюнча протокол түзүлөт жана ТКнын бардык мүчөлөрүнүн колтамгасы менен бекитилет. ТКнын материалдары архив түрүндө 1 жылдык мөөнөткө сакталат.

61. ТК талапкердин арызына ылайык көрсөтүлгөн сабактар боюнча упайларды эсептөөнүн тууралыгын текшерүүгө укуктуу. Предметтик тесттердин мазмуну боюнча апелляция жүргүзүлбөйт.

62. Министрлик билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарына (РББ/ШББ), жалпы билим берүү уюмдарына, катышуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн жыйынтыктары боюнча маалыматты төмөнкү тартипте жеткирет:

- www.edu.gov.kg жана www.ntc.kg сайттарында жайгаштырат;
- жыйынтыктарын почта аркылуу УТБнын мүдүрүнүн колтамгасы жана мөөрү менен тастыкталган кагаз түрүндө жөнөтөт.

## IX. Талаш маселелерди чечүү тартиби

63. "Алтын тамга" тестирлөөсүн өткөрүү учурунда келип чыккан бардык талаш маселелер жана пикир келишпестиктер мектеп комиссиясы, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарынын (РББ/ШББ) комиссиясы жана СК тарабынан каралат.

## X. Каржылоо

64. Талапкерлердин "Алтын тамга" тестирлөөсүнөн өтүү менен байланышкан чыгымдары (жол чыгымдары, жашаган жери, тамак-ашы) ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан каржыланат.

65. "Алтын тамга" тестирлөөсүн өткөрүү менен байланышкан чыгымдарды каржылоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борборлоштурулган иш чараларын өткөрүү чыгымдарынын сметасында каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.